

Д. Акматов, А. Багдасарян



# Көркөм өнөр

2

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу



## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби




## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж. Садыковдуку, Ш. Кулуевдики*
*Муз.: Н. Давлесовдуку, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*



Ян Вермеер Дельфтский.
*«Сүрөтчүнүн өнөрканасы».*

Д. АКМАТОВ, А. БАГДАСАРЯН

# КӨРКӨМ ӨНӨР

Орто мектептердин 2-классы
үчүн окуу китеби

*Биринчи басылышы*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен*

«Билим-компьютер», «Зангак-97»
Бишкек – 2012

УДК 373.167.1
ББК 85.15 я721
А 40

**Акматов Д. А., Багдасарян А. А.**

А 40 **Көркөм өнөр.** Орто мектептердин 2-кл. үчүн окуу китеби. – 1-бас. – Б.: Билим-компьютер, Зангак-97, 2012. – 64 б., ил.

ISBN 978–9967–452–71–8

**А 4306021700 – 12**

**УДК 373.167.1**
**ББК 85.15 я721**

ISBN 978-9967-452-71-8

© Акматов Д., Багдасарян А., 2012
© КР ББИМ, 2012
© «Билим-компьютер», 2012
© «Зангак-97», 2012

## *Кымбаттуу биздин жаш достор!*

*Биздин жашообуз өтө көп кырдуу.*

*Татыктуу жашоо үчүн бизге көп нерсе керек: үйлөр, жолдор, катташуу каражаттары, тамак-аш, идиш-аяк жана эмеректер, көп сандаган тиричилик техникалары жана аппараттар, керектүү товарларды өндүрүүчү завод, фабрикалар. Булардын бардыгын акылыбыз, эмгегибиз менен биз – адамдар жаратабыз жана бул үчүн биз көп нерсени үйрөнүшүбүз керек. Силер да ошол максатта – элге жана өзүңөргө пайдалуу жашоону үйрөнүү үчүн окуп жатасыңар. Бирок, биздин жашообуздун дагы кызыктуу жана мазмундуу болушу үчүн биз айланабыздагы кооздуктарды көрө билүүнү үйрөнүп, көңүл жылыткан, дем-күч берген, жашообузду мазмундуу кылып турган керемет кооздуктарды жаратканга үйрөнүшүбүз керек. Буларды бизге искусство үйрөтөт. Искусство – бул музыка, ырлар жана бийлер, адабият жана поэзия, кооз үйлөр жана курулмалар, сонун сүрөттөр жана буюмдар.*

*Биз силер менен бирге көркөм өнөрдөгү сүрөт тартуу искусствосунан көп сырларды үйрөнөбүз.*

*Сезимтал жана дилгир болгула!*

*Көркөм өнөр дүйнөсүнө кош келиңиздер!*

***Авторлор***



сүрөт тартуу
үчүн кагаз



сүрөт тартуу
үчүн альбом



жөнөкөй жана түр
калемдер



кылкалем



пастель



акварель боёктору



өчүргүч



учу металл
калемсап



тушь



пластилин



гуашь боёктору



стектер



пластилин менен
иштөө үчүн тактайча

**Гигиенаны да унутпагыла!**

*Калемдерди тиштегилегенге болбойт.*
*Кылкалемди жалай бербегиле.*
*Боёкторду колуңар менен кармабагыла.*
*Иштегенден кийин колуңарды жуугула.*

## КӨРКӨМ-СҮРӨТ ӨНӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

**1-сабак**

*Негизги ишке киришүүдөн мурда окуу учурунда жана жашооңордо дайыма силерди коштоп жүрө турган айрым түшүнүктөр менен таанышып алалы.*

Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрүнө *живопись, графика, скульптура, колдонмо жасалга өнөрү,* ошондой эле *архитектура* кирет.

Искусствонун ар бир түрүнүн өзүнчө өзгөчөлүгү болот.

### Живопись

Живопись – бул түстүү боёктор менен тартылган сүрөттөр. Сүрөттүн негизи катары полотно колдонулат. Полотно – бул жыгач алкакка керип бекитилген, тыгыз токулган зыгыр кездеме. Боёк катарында көбүнчө майлуу боёктор колдонулат. Бул боёктордун мындайча деп аталганынын себеби, алар түстүү күлмайдалардан даярдалып, зыгыр майында эзилет. Жыйынтыгында илээшкен түстүү боёкторду алышат. Сүрөтчү живопись сүрөт тартуунун алдында зыгыр майы же атайын май суюлтмалары менен аралаштырып, анан кездемеге түшүрөт. Жалпысынан сүрөт тартууну **сүрөт жазуу** деп атоо кабыл алынган, башкача айтканда сүрөтчү-жазмакер (живописец) сүрөттү тартпастан, жазат.







Монументалдык живопись кадимки живопистен төмөнкүсү менен айырмаланат: ал храмдардын, сарайлардын дубалдарына, кээ бир имараттардын интерьерлерине атайын бул максат үчүн арналган орундарга жазышат. Аларды жазуулар же фрескалар деп да аташат. Бул живопистик чыгармалар кайсы жерде жазылса, ошол орундарда түбөлүккө сакталып калат. Алар кайсы шаарларда жазылган болсо, ошол шаарларга барып көрсө болот. Мындан көп кылымдар мурда жазылган монументалдык живопистердин көптөгөн улуу чыгармалары бар. Азыркы учурда да көптөгөн монументалдык живопистин чыгармалары жаралууда.

**Станоктуу живопись** — бир жерден башка жерге алып барып, кайсы жерде болбосун көргөзмөгө коюуга мүмкүн болгон өз алдынча сүрөттөр. Мындай сүрөттөрдү станоктук деп аташат, себеби аларды **мольберт** деп аталган атайын станокто жазышат.

Сүрөтчү-жазмакер сүрөттөрдү жаратууда **палитра** деп аталган атайын каражат менен боёкторду аралаштырып, керектүү түстөрдү алуу үчүн пайдаланышат.



## Графика

Графиканын живопистен айырмасы — анын сызык же көптөгөн сызыкчалар, чекиттер, тактар менен тартылышында. Графикада негизинен ак-кара түстөр менен аткарылган сүрөттөр, кээде түрдүү түстөр да колдонулат. Графикада негизинен кагаздын бетине карандаш, пастель, сангина, бор сыяктуу кургак материалдар менен, көбүнчө тушь, сыя, ошондой эле мурда кат жазууда колдонулган куш канаты менен аткарышат.



Графиканын түрлөрү да ар кандай болот. Алар ар кандай техникалык каражаттар менен аткарылуучу китептин иллюстрациялары, плакаттар, кутулар, этикеткалар, гравюралар, шрифтер. Графиканын техникасы менен жогорку класстарда таанышасыңар.

## Скульптура



Скульптура деген эмне экенин силер биринчи класстан эле билесиңер. Скульптура көркөм сүрөт искусствосунда өзгөчө орунду ээлейт. Скульптуралык эстеликтери жок бир дагы өлкө же шаар болбосо керек. Скульптура биздин күнүмдүк турмушубузду коздоо менен эле чектелбестен, бизге белгилүү



Барельеф.

адамдарды, окумуштууларды, жазуучуларды, маданият ишмерлерин, эл баатырларын, жана башкаларды тааныштырып турат.

Скульптуралар адатта ар тарабынан көрүнгөндөй абалда болот. Ошондой эле сүрөт сыяктуу көрүнгөндөрү да бар. Аларды **рельефтик сүрөттөр** деп аташат. Алар негизинен **барельефтер** жана **горельефтер** деп эки түрдө болот.

Барельефтер тегиздиктен анча томпоюп чыкпаган сүрөттөр, ал эми горельефтер кыйла томпойтуп жасалган айкел сүрөттөлүштөр.



Вячеслав Коптев. «Уламыш».

# Колдонмо жасалга өнөрү



Силер кооз, кандайдыр бир маанини түшүндүргөндөй болгон оюулары бар килемдерди, чебер кооздолгон идиштерди, ар кандай сүрөт жана рельефтүү оймо-чиймелер түшүрүлгөн кумараларды, айкелдерди жана куурчактарды, алтын жиптер менен тигилген кийимдерди, кооз кездемелерди, жоолуктарды, баш кийимдерди, зер буюмдарды көрсөңөр керек. Булардын баардыгы көркөм колдонмо жасалга өнөрүнүн буюмдары. Буларды көркөм өнөр деп атаганыбыздын себеби, бул буюмдардын ар бирин сүрөтчүлөр чыгармачылык менен көркөмдөөгө аракеттенишет, ал эми колдонмо жасалга деп атаганыбыздын себеби булар күнүмдүк жашоодо жана тиричиликте түздөн-түз колдонулганында.





Архитектура – бул биздин айлана-чөйрөбүздү, биздин үйлөрүбүздү жана курулмаларыбызды, көпүрөлөрдү, сейил бактарды, жолдорду, маданият жайларын, мектептерди, эстеликтерди жана башкаларды уюштуруу искусствосу. Булардын баардыгы кооз, ыңгайлуу болуп, көркөмү менен көздү кубандырып туруусу шарт. Чындыгында архитектурада бекемдик жана ыңгайлуулук чоң мааниге ээ, ошондуктан архитектор бир эле мезгилде сүрөтчү да, конструктор да, инженер-курулушчу да болот.



Египеттеги пирамидалар.



Кыргыз мамлекеттик филармониясы.

Силердин алдыңарда качандыр бир мезгилде адамдардын колу менен курулган ажайып кооз курулумалардын бири турат. Ал Индияда жайгашкан, дүйнөдөгү жети кереметтин бири деп эсептелген Таж-Махал.



Таж-Махал.

2-
сабак

Сүрөт тартууда биз нерсенин формасын эң оболу анын көрүнгөн, сырткы чектелиши боюнча көрүп кабыл кылабыз. Нерсенин сырткы чектелиши анын жалпы көрүнүшүн жана сын-сыпатын кыйла толук мүнөздөйт.

Нерсенин сырткы чектелиши анын сызыктуу образын берет. Биз нерсенини көрүнгөн чектелишин канчалык так берсек, анын образы ошончолук түшүнүктүү болот. Биз жогоруда аныктагандай, ар кандай нерсенин образын бериш үчүн эң маанилүү болуп анын сырткы чектелиши алгачкы сызыктуу сүрөтү эсептелет. Форманын сырткы, көрүнгөн сызыктуу сүрөтүн көбүнчө **контурдук сүрөт** деп атайбыз.

Эгер контурдук сүрөттү бир кылка түс же кара боёк менен толтурсак, анда берилген нерсенин же обьектинин тегиз сүрөттөлүшүн алабыз. Мындай сүрөттөлүштөрдү **силуэттер** деп атайбыз. Силуэт – бул объектинин сырткы чектери боюнча гана тегиздиктеги сүрөттөлүшү.



*контурдук сүрөт*



*силуэттердин түрлөрү*



*айбанаттардын силуэттери*

3–4-
сабактар

Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү, өз кезегинде, жанрлар боюнча бөлүнөт. Искусстводо жанрлар белгилүү тематикалар менен байланышат. Биз силерди алардын айрымдары менен тааныштырабыз.

Мисалы, жаратылыш көрүнүшү сүрөттөлгөн чыгармалар **пейзаждык** жанрга, айбанаттардын сүрөттөлүшү **анималистика** жанрына, жансыз жаратылыш сүрөттөлүшү **натюрморт** жанрына д. у. с. таандык.

**Натюрморт**

Силердин алдыңарда испан сүрөтчүсү Франсиско де Сурбаранын белгилүү сүрөтү турат. Анда атайын сүрөт тартуу үчүн үстөлдүн үстүнө кылдат даярдалып коюлган сыяктанган жер-жемиштер сүрөттөлгөн.



Франсиско де Сурбаран.
*«Лимон, апельсин жана розадан натюрморт».*

Бул нерселер сүрөтчү сүрөттөп тартканга чейин үстөлдүн үстүндө кыймылсыз абалда болот. Көркөм сүрөт өнөрүндө кыймылсыз, жансыз нерселерди чагылдырууну биз **натюрморт** деп атайбыз. Бул француз тилинде «жансыз жаратылыш» дегенди билдирет.

**натура** — жаратылыш

**морт** — жансыз

«Себеттеги мөмөлөр» натюрморту италия живописиндеги натюрморт жанрын негиздөөчүлөрдүн бири деп эсептелген италиялык сүрөтчү Караваджонун кылкалемине таандык. Сүрөт сүрөттөлүүчү нерселерге болгон аздек сезим менен жазылган. Сол тарабындагы жаңы жалбырактар оң тарабындагы соолуган жалбырактар менен биргеликте бул сүрөттүн негизги мазмунун — жашоо айлампасын түшүндүрүп турат.



Микеланджело да Караваджо. *«Себеттеги мөмөлөр».*

**Тапшырма**

Өз альбомуңарга натюрморт тартып көргүлө.

Алма, сабиз жана чакан кумараны алгыла. Төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып аларды үстөлдүн үстүнө жайгаштыргыла. Бул ишти аткарууда силерге сүрөт мугалими жардам берет. Тартылуучу сүрөт жакшы болушу үчүн силер төмөнкүлөрдү аткаргыла:

- нерсенин контурун альбомдун барагына мүмкүн болушунча туура түшүргүлө. Контур — бул нерсенин көрүнгөн, сырткы чектелишинин сүрөттөлүшү.
- нерсенин салыштырмалуу өлчөмүнө көңүл бургула. Кумаранын туурасын анын бийиктигине салыштырмалуу, алманын өлчөмүн кумаранын өлчөмүнө салыштырмалуу д. у. с.
- адегенде жөнөкөй калем менен нерсенин контурун түшүргүлө, андан соң акварель боёгу же түр калем менен түс берип боёгула.



биринчи этабы



экинчи этабы

Акварель боёгу менен сүрөт тартуу учурунда кагазыңар бырышпас үчүн анча чоң эмес тактайча же фанера даярдап, ага кагазыңарды кнопка же жабышчак тилке кагаз менен бекитип алгыла.

Бул натюрмортту кийинки тапшырмага чейин сактагыла.

**5–6-сабактар**

Кунт коюп жаратылышка байкоо жүргүзсөк, анда нерселерге жарыктын бирдей тийбегендигин байкайбыз. Жарыктанышка жараша нерсенин бетинде жарык жана караңгы (көлөкө) тонду байкайбыз. Ушундан улам алар көлөмдүү болуп сезилет. Эгерде өңдөрдү сүрөттө туура бере алса, анда көлөмдүүлүктү сезгендигибиз байкалат.

**Тапшырма**

Мурдагы натюрмортту жөнөкөй калем менен тартып көргүлө. Жакшы учталган жумшак калем алгыла. Нерселердин контурларын жүргүзүп, андан кийин сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып кылдат көлөкөлөрүн түшүргүлө.





Үйдөн кайталап, көнүксөңөр болот. Үстөлдүн үстүнө тоголок формадагы кандайдыр бир буюмду, мисалы кумараны маңдайыңарга койгула. Сүрөттү тартууда көлөкөнү катуу эмес, жумшак, бир калыпта ачык түстөн күңүрт түскө акрындык менен өтүп, түшүрүү керек.

**Тапшырма**

Бул тапшырманы аткарыш үчүн бизге бир аз жумшак чопону ийлеп даярдаганга кичине тактай же керамика плиткасы (кафель) керек болот.

Эки нерсени: алманы жана анча чоң эмес флаконду алабыз. Аларды катар коюп, тактайчанын бетине нерселердин өз өлчөмдөрү боюнча аларды чоподон так өзүлөрүндөй кылып ийлеп жасагыла.





Эгерде бул ишти бир жолу жасаганда бүтүрө албасаңар, кийин улантсаңар болот. Чопо кургап калбасын үчүн аны (жасап жаткан нерселерди) бир аз нымдап, целлофан менен ороп койгула.

Ишиңерди толук жасап бүткөндөн кийин чопо кургаганча калтырып койгула. Бул ишти кийинки жасоочу иштериңер менен салыштырганга сактап койгула. Эгерде чопо жок болсо пластилин менен жасасаңар болот. Бул учурда жасалуучу нерсенин көлөмүн анын чыныгы көлөмүнө дал келтирүүнүн кажети жок. Бирок бул буюмдардын салыштырмалуу өлчөмдөрүнүн сакталышына аракет кылгыла.

**7–8-сабактар**

Сүрөтчүлөр өз сүрөттөрүндө жаратылышты өтө көп чагылдырышат. Жаратылышты сүрөттөө аркылуу аптаптуу жайды, коңур күздү, кыштагы аруу таза күндү жана жаздагы гүлдөп жаткан коoздукту ж. б. маанайды тартуулоого болот.

Көркөм сүрөт өнөрүндө жаратылышты чагылдырган сүрөттөр **пейзаж**, ал эми жаратылышты тарткан сүрөтчү **пейзажчы** (пейзажист) деп аталат.

Мына ушундай сүрөтчүлөрдүн бири орус сүрөтчүсү Фёдор Васильев, бул беттен анын тарткан сүрөтүн көрүп турасыңар. Сүрөт «Суулуу шалбаа» деп аталат. Жамгыр жаап өткөндөн кийин бүтүндөй жаратылыш таза аба менен дем алып жатат.



Фёдор Васильев. *«Суулуу шалбаа».*

**Тапшырма**

Эгер силер жаратылышты жаан жаап жатканда, жаан тып басылып, күн чыккан мезгилде байкаган болсоңор асманда укмуштуудай көрүнүш «Күн желеси» (радуга) пайда болот. Мына ушул көрүнүштү элестетүүңөр боюнча альбомуңарга тартып көргүлө.



Бир гана жолу дароо, чечкиндүү, коркпостон жана тез тартканга аракет кылгыла. Түстөр «Күн желесинде» кызыл түстөн сыя көк (фиолетовый) түстү көздөй сүрөттө көрсөтүлгөндөй ирээтте өтөрүн билип алгыла.



Питер Пауль Рубенс. *«Күн желесинин пейзажы».*

9-сабак

Эстегиле, биринчи класста силер жаңы жылдык куттуктоо баракчасын жасагансыңар. Азыр биз китеп үчүн чөпкатты жасап көрөлү.

Чөпкат китепти тез айрылуудан жана бузуулудан сактайт жана убакытты үнөмдөйт.

**Тапшырма**

Чөпкатты жасоо үчүн ичке картон же катуу кагаз алгыла. Ошондой эле кайчы, сызгыч, циркуль керек болот. Даярдалган кагазга же картонго туурасы 4 *см*, узундугу 16 *см* тилке сызгыла. 4 *см* аралыгында циркуль менен 3 айлананы эки катар сызык менен сызгыла. Ишиңерди андан ары сүрөттө көрсөтүлгөн тартипте уланткыла. Бул ишти бүткөндөн кийин чөпкатка өзүңөр ар кандай формадагы сүрөттөрдү ойлоп тарткыла.



Чөпкат жоголуп кетпес үчүн анын четине тешикче жасап, ал тешикче аркылуу ичке тасма өткөрүп туруп, аны китептин түбүнө (корешогуна) бекитип коюу керек.



## КҮЗ БОЁКТОРУ

1–4-
сабактар

Күз — живописчи-пейзажчылардын сүйүктүү мезгили. Алардын көпчүлүгү күздүн ачык түстөрүн тартып калуу үчүн жаратылышка чыгышат. Бирок жаратылыш өзгөрүлмөлүү болгондуктан дал өзүнөн көрүп чоң сүрөттү тартып алуу мүмкүн эмес. Ошондуктан сүрөтчүлөр натурадан тез арада кичинекей сүрөттөрдү тартып алышат. Ал **этюд** деп аталат.

Этюддар сүрөтчүлөргө, маанилүү чоң сүрөттөрдү тартууда абдан жардам берет.



Жамбул Жумабаев. *«Күз».*



Илья Остроухов. *«Алтын күз».*



Василий Поленова. *«Абрамцевдеги күз».*

**Тапшырма**

*Экскурсия сабагы*

Жаратылыштагы экскурсияга алдын ала даярдангыла.

Өзүңөр менен бирге сүрөт тартуу үчүн альбом жана түр калемдерди алгыла. Деңгээл сызыгы даана көрүнгөндөй орунду тандагыла. Айлана-чөйрөнү көңүл коюу менен карап чыккыла. Көргөнүңөрдү эсиңерге бекем сактоо үчүн альбомуңарга бир нече сүрөттү натурадан тарткыла. Бул сүрөттөр көргөндөрүңөрдү эстегенге жардам берет.

Жакын нерселер ачык жана даана, ал эми алыс нерселер бүдөмүк жана анча так эмес көрүнөөрүнө көңүл бургула. Буларды көргөнгө аракет кылгыла. Гүлдөрдү, чөптөрдү жана дарактардын жалбырактарын жыйнагыла. Алар силердин эс тутумуңардагы жаратылыштын түстөрүн эсиңерге салат. Аларды кургатып сактап койгула. Алар кийин керек болот.

Көргөндөрүңөрдү эсиңерден чыга электе үйгө келериңер менен жаратылышта жүрүп аткарган сүрөтчөлөрдү пайдаланып, дароо сүрөттөп тарткыла. Кээде көргөн нерселердин формаларын же башкача бир көрүнүштөрдү эстеп калуу үчүн адата жөнөкөй калем менен сүрөтчөлөрдү чиймелеп алыш керек. Бул тез тартылган сүрөттөр — **бир шилтемдер** деп аталат.

Бир шилтемдерди тартуу өтө пайдалуу, алар байкоону жана көрүп, эске тутууну өнүктүрөт.





**3–4-сабактар**

Оймо-чиймелер сүрөт искусствосунда, өзгөчө колдонмо жасалга өнөрүндө чоң роль ойношот. Колдонмо жасалга өнөрүндө бардык буюмдар, килемдер, кездемелер, кооз идиш-аяктар, чоподон, жыгачтан же темирден жасалган буюмдар, ал тургай архитектуралык курулма дагы буларсыз болбосо керек.

Оймо-чиймелердин темасын жана формасын сүрөтчүлөр жаратылыштан алышат. Алар өсүмдүктөр, гүлдөр, чөптөр, жаныбарлар, ал гана эмес адамдар дагы. Ошондой эле геометриялык деп аталган оюмдар да кездешет. Кандайдыр бир өсүмдүктү негиз кылып алып, мисалы, гүлдүн желекчеси, сүрөтчүлөр аны стилдештирип анын туура формасын берүү менен ал нерсени кайрадан кайталап, оймо-чиймесин түшүрүшөт.

Стилдештирүүдөн оюмдун толук мүнөздөмөсү маалым болот, анткени ар бир сүрөтчү бир эле жаратылыш объектисин өзү каалагандай стилдештирет.

Табигый жаратылыш объектисинин негизинде оюмдар кандайча түзүлө тургандыгы тууралуу бир нече мисал келтиргиле.









**Тапшырма**

Түстүү барак, кайчы жана желим (клей) алгыла. 1-сүрөттөгү үлгүнүн негизинде шаблондорду даярдагыла, андан кийин ошол шаблондор менен түстүү кагаздан оюмдардын бөлүктөрүн кесип алып, аны өзүнчө бир башка кагазга ошол эле ирээте чаптагыла, ал 2-сүрөттө көрсөтүлгөн. Бул техника **курак** (аппликация) деп аталат. Силер буларды кайталоо менен кооз оюмдарды аласыңар.



*1-сүрөт*



*2-сүрөт*

## Элдик символика

*Улуттук символика менен таанышуу*

«Элдик символика» аныктамасына жашаган жердин географиялык жайгашышы, тили, элдик салттар, адаттар жана майрамдар, улуттук кийим, улуттук маданият: музыка, бийлер, улуттук колдонмо жасалга өнөрү, көркөм сүрөт өнөрү, архитектура, улуттук тамак-аштар ж. б. сыяктуу негизги түшүнүктөр кирет.

Бул түшүнүктөрдүн негизинде конкреттүү мамлекеттик символдор түзүлөт. Мисалы, Ысык-Көл, көк асман, кызыл туу, алтын күн, Ала-Тоо кырка тоосу, боз үйдүн түндүгү же кадимки боз үй ж. б.

Ар бир калктын эң негизги символдору болуп мамлекеттик туусу, мамлекеттик герби жана мамлекеттик гимни эсептелет.






Кыргызстандын мамлекеттик туусу жана герби.

**5–6-сабактар**

Үйлөр жана курулмалар, ошондой эле адамдарды курчап турган жалпы чөйрө чоң мааниге ээ экендигин биз силерге айтканбыз. Ошол себептен архитекторлор жана сүрөтчүлөр байыртадан эле курулуштар бышык гана болбостон, кооз жана ыңгайлуу болушуна умтулушкан.

Силердин китебиңерде бүгүнкү күнү да бизди ажайып кооздугу менен суктандырган, эң сонун курулмалардын бири Таж-Махал көрсөтүлгөн. Курулманын тегерегиндеги территория кандай гана кооз жасалгаланганына көңүлүңөрдү бургула.

Дүйнө жүзүндө көптөгөн кооз жана эң сонун имараттар бар. Алардын айрымдары көптөгөн муундардын эмгеги менен курулган. Бүгүнкү күндө дагы кызыктуу курулмалар, чоң көпүрөлөр, бийик үйлөр, мунаралар курулуп жатат. Силер сүрөттөн Дубай шаарындагы заманбап мейманканалардын бирин көрүп турасыңар, ал парустуу яхта түрүндө деңизге курулган (31-бет).

Архитекторлор имараттардын жана курулмалардын сырткы келбетине эле чоң маани бербестен анын территориясына жана имараттын ичиндеги жасалгаларга дагы, башкача айтканда **интерьерге** өзгөчө көңүл бөлүшөт. Имараттын ичиндеги жасалганы архитектурада ушинтип аташат.



Гур Эмир, Самарканд.



Операнын имараты, Сидней.



Бурдж аль-Араб мейманканасы, Дубай.

**Тапшырма**

Өзүңөр кандайдыр бир курулманы көз алдыңарга элестетүү менен куруп көргүлө. Альбомдун барагына бир канча фантастикалык курулманы тарткыла, булар көпүрөлөр, мунаралар, сепил сарайлар жана башка ушул сыяктуулар.

Карагылачы, орустун мыкты сүрөтчүсү Юрий Васнецов кандай гана фантастикалык сүрөттү жараткан.



Юрий Васнецов. *«Укмуш балык-кит».*

Сүрөттөн сырткары, кандайдыр бир имараттын макетин китепте сунушталгандай кылып жасаганга аракет кылгыла.

Ал үчүн картонду (пенопластын негизиндеги), таякчаларды, кутучаларды пайдалануу өтө ыңгайлуу.

Кагаздан, картондон жана башка материалдардан ар түрдүү формаларды, геометриялык фигураларды: кубик, пирамида, цилиндр, конус, призманы конструкциялоого болот.



Окуучулар жасаган боз үйдүн макеттери.

Эгер бул фигураларды бирге кошсок, анда алардан үйлөргө жана курулмаларга окшош конструкцияларды алышыбыз мүмкүн. Баардыгы сенин элестетүүңө жана фантазияңа байланыштуу.

7–9-сабактар

Жаныбарлардын сүрөтүн тартуу көптөгөн сүрөтчүлөрдүн сүйүктүү иши.

Жаныбарларды тартуу оңой эмес. Биринчиден, алар өтө кыймылдуу келишет, экинчиден, алардын дене түзүлүшүнүн формасы өтө татаал.

Бирок биздин уникалдуу эске тутуубуз жардамчы болот. Биздин эске тутуубуз сөздөрдү жана үндөрдү эстөөгө жөндөмдүү, ошондой эле ал жаратылыш көрүнүштөрүн да эстеп калат. Биз муну **көрүп эске тутуу** деп атайбыз. Көрүп эске тутуу жаныбарларды тартууда бизге жардам берет.

Жаныбарлардын сүрөтүн тарткан же айкелин жасаган сүрөтчүлөрдү **анималист**-сүрөтчүлөр деп аташат, ал эми бул жанр болсо көркөм өнөр искусствосунда **анималистика** жанры деп аталат.



Альбрехт Дюрер. *«Коён».*

Бул сүрөт немец сүрөтчүсү Альбрехт Дюрер тарабынан 500 жыл мурда тартылган. Дюрер жаныбарларды, өзгөчө жылкыны тартканды өтө жактырчу.




Альбрехт Дюрер. *«Рыцарь».*



Рембрандт Ван Рейн. *«Эс алып жаткан арстан».*



Питер Пауль Рубенс. *«Арстан».*

**Тапшырма**

Силер буга чейин түркүн жаныбарларды көрүп эле жүргөндүрсүңөр, балким айбанаттар паркына баргандырсыңар. Азыр болсо биз жаныбарлар багылган жерлерге же айбанаттар паркына экскурсия уюштуруп, жаныбарларды көрүп эле тим болбостон, алардын сүрөттөрүн тартып, бир шилтемдерди аткаруубуз керек. Эгерде фотоаппарат менен сүрөткө тартканды билсеңер, сүйүктүү жаныбарларыңарды сүрөткө тартсаңар болот. Анан ал сүрөттөрдү сүрөт альбомуңарга тарткыла, көчүрүп тартпастан, жөн гана карап алып, анан тарткыла.

Мектебиңерде жаныбарлардын сүрөт көргөзмөсүн уюштургула.



## Өз билимиңерди текшергиле:

1. Искусствонун кандай түрлөрүн билесиңер?
2. Живописчи өзүнүн сүрөтүн кандайча жаратат?
3. Графика живопистен эмнеси менен айырмаланат?
4. Эмне үчүн биз «колдонмо жасалга өнөр» дейбиз?
5. Архитектура деген эмне?
6. Жаратылышты тарткан сүрөтчүлөрдү кимдер деп аташат?
7. Живопись үчүн станок кандайча аталат?
8. Монументалдык живопись адаттагы станоктук живопистен эмнеси менен айырмаланат?
9. Живописчилер кандай боёкторду пайдаланышат?
10. Айкелдин кайсы түрлөрүн билесиңер?
11. Бул иштердин жанрын аныктагыла.





12. Бул репродукцияларда кайсы сүрөтчүлөрдүн иштери көрсөтүлгөн?







13. Бул иштер көркөм өнөрдүн кайсы түрлөрүнө кирет







## АНИМАЛИСТИКА ЖАНРЫ СКУЛЬПТУРАДА

**1–2-сабактар**

Силердин айрымдарыңар пластилинден же чоподон жаныбарлардын фигурасын жасагыңар келген чыгар. Эгерде биз берген бардык тапшырмаларды аткарган болсоңор, анда силер жабыштырып жасоонун ыктарын билесиңер.

Бирок жаныбарлардын фигурасын жасоо үчүн, мисалы сүрөттө көрсөтүлгөндөй бугуну жасай турган болсок, алгач каркасын (өзөгүн) жасап алуу керек.



*Каркастын схемасы.*



Жак Липшиц. *«Газель».*

Каркас скульптура үчүн катуу нерседен жасалат. Аны ийилчээк зымдан ошол фигуранын формасындай кылып жасаса болот, андан кийин ага пластилин же чопо жабыштырышат. Каркас скульптурада бекемдикти камсыз кылат.

Чебер айкелчилер айкелди чоподон жасап алгандан кийин, бекемирек материалга: коломо, ташка же жыгачка өткөзүшөт.

Бул материалдардын ар бири менен иштегенде өзүнүн белгилүү технологиясы пайдаланылат. Мрамордон жасалган айкелдер өзгөчө таасирдүүлүгү менен айырмаланышат. Аларды түздөн-түз мрамор кесек таштарынан атайын аспаптардын жардамы аркылуу кесишет. Мрамордон көбүнчө барельеф композицияларын да жасашат. Бирок барельефтерди башка: гранит, базальт, коло ж. б. материалдардан да жасашат. Барельефтерди Донателло, Микеланджело, Роден ж. б. көптөгөн атактуу айкелчилер жасашкан.

Репродукцияларда силер Италия скульптору Донателлонун «Окуп жаткан балдар» коло барельефин жана француз скульптору Фальконенин «Амур» мрамор айкелин көрүп турасыңар.



Донателло. *«Окуп жаткан балдар».*



Этьен Фальконе. *«Амур».*

**Тапшырма**

Альбом барагынын жарымындай болгон чакан тактайча алгыла. Так ошол өлчөмдө мурдагы жаныбарлар тартылган сүрөттөрдү пайдаланып, жаңы жасалуучу ишиңердин эскизин баракка түзгүлө.

Сүрөтчүлөр адатта ишти баштаардан мурда эскиз түзүп алышат. Эми тактайчанын бетин жарым сантиметр калыңдыкта пластилин менен жаап, жакшылап тегиздегиле. Анан тартып даярдаган эскизиңерди акырын тактайчадагы тегиз пластилиндин үстүнө коюп, учтуу калем менен сүрөттүн контурун жээктеп акырындык менен бастырып чийип же сайгылап, анын контурун жүргүзгүлө. Качан сүрөттү толугу менен түшүрүп чыккандан кийин кагазды алып салгыла. Пластилиндин бетинде сүрөттүн сызыкчаларын көрүүгө болот. Эми стектин жардамы менен сүрөттү пластилинде дааналагыла. Андан кийин жаныбардын формасын кандай кааласаңар ошондой кылып чыгарып жасагыла.








**3–4-сабактар**

Сүрөт тартуу искусствосунун бирден бир негизги жанры болуп портрет эсептелет.

Портрет – бул адамдын сүрөтү. Бирок жөн гана адам эмес, аты-жөнү бар конкреттүү, таанымал адамдын сүрөтү.

«Портрет» деген сөз менен силер окуу китебинен таанышкансыңар жана көп жолу жолуктургансыңар. Жазуучулардын, окумуштуулардын, падышалардын, сүрөтчүлөрдүн, композиторлордун ж. б. портреттери тартылып келет. Кыргыз элинин көрүнүктүү сүрөтчүсү Сүймөнкул Чокморов көптөгөн фильмдерге тартылып, жаркын образдарды жараткан. Сүрөт өнөрүндө да көркөм чыгармаларды мураска калтырган, алардын бири манасчы Саякбай Каралаевдин портрети.

Портретти биз көркөм сүрөт искусствосунун бардык түрлөрүнөн: живописте, графикада, скульптурада жана колдонмо жасалга өнөрүнөн да кезиктире алабыз.

Азыркы убакта адамдын образын сактоо өтө жеңил, себеби фотосүрөттөр бар. Мурда адамдын образын сактоонун бир гана жолу – живопись көркөм өнөр ыкмасы болгон. Сүрөтчүлөр өз замандаштарынын гана сүрөттөрүн тартпастан көбүнчө жеке өздөрүнүн дагы портретин тартышкан. Андай портреттер **автопортрет** деп аталат.

Голландиялык белгилүү сүрөтчү Рембрандт көптөгөн автопортреттерди тарткан. Бул жерден силер алардын бирин көрүп турасыңар.

**Тапшырма**

Жакындарыңардын биринин портретин тартууга аракет кылгыла.



Диего Веласкес. *«Инфанта Маргаританын портрети».*



Рембрандт. *Автопортрет.*



Орест Кипренский.
*«Пушкиндин портрети».*



Алтымыш Усубалиев.
*«О. А. Мануйлованын портрети».*



Сүймөнкул Чокморов.
*«Манасчы Саякбай Каралаевдин портрети».*

5–6-сабактар

Сүрөтчү сүрөт үстүндө иштөө учурунда өзүнүн эс тутумундагы, элестетүүсүндөгү көптөгөн майда-чүйдөсүнө чейин болочок сүрөттүн образын элестетет. Фигураларды кандай жайгаштыруу, чөйрөнү кандай уюштуруу, жарык жана караңгы жерлер, заттардын түстөрү, кийимдер ж. б. Сүрөттү мындай уюштуруу **композиция** деп аталат.

Сүрөттү тартаардан мурда сүрөтчү эскиз түзөт. Эскизден кээ бир нерселерди алып же кошуп, фигураларды жылдырат. Адегенде сүрөтчүнүн оюу боюнча уюштуруу канааттандыраарлык болбошу да мүмкүн. Сүрөтчү сүрөттү баштаганда да, иштин жүрүшүндө да, өзгөрүүлөрдү киргизиши мүмкүн.

Демек, композиция сүрөттүн бардык майда-чүйдөсүн уюштуруу. Ал сүрөттүн таасирдүү жана өз ара шайкештикте болуусу үчүн ар башка бөлүктөрдү, майда нерселерди, өң-түстөрүн, боёктун тондорун өз ара айкалыштырууга, жыйынтыгында ажайып кооз сүрөттү жаратууга мүмкүндүк берет.



Микеланджело да Караваджо. *«Өспүрүм лютня менен».*

Италия сүрөтчүсү Микеланджело да Караваджо жарыкка чоң маани берген. Жарык менен көлөкөнүн кескин байланышы сүрөткө өзгөчө таасирдүүлүктү берет. Композиция живопись менен графикада эле эмес архитектурада, көркөм сүрөт өнөрүндө дагы чоң мааниге ээ. Бардык нерселер композицияга ээ, мейли алар куттуктоо баракчасы болсун, белектер, сувенирлер ж. б. болсун, жасаган нерселер бизге жагымдуу жана кооз болгудай кылып уюштуруу зарыл. Композиция жасалуучу нерсенин маңызына жана ал нерсеге кандай маанай бергибиз келгендигине жараша болот.

*Искусство сезимдерди жана маанайды чагылдыра алат.*

Искусство – бул биздин сезимдердин жана маанайыбыздын чагылдырылышы. Кээде сөз менен айта албаган нерселерди музыка, бий жана сүрөт искусствосу аркылуу жеткирүү оңой болот.

Алдыңарда салтанаттуу, кубанычтуу маанай тартуулаган көркөм кол өнөрчүлүктүн үлгүсү болгон сувенирлердин жыйындысы турат. Ал эми анын катарындагы пейзажда тескерисинче кайгылуу, ойго салган маанай тартуулайт.

Маанайды берүүдө түстөр абдан чоң роль ойнойт. Жарык, жылуу түстөрдүн айкалышы кубанычтуу, майрамдык маанайды, ал эми муздак, күңүрт түстөр чөгөрүңкү маанайды берет.



*Улуттук сувенирлер.*



Василий Бакшеев. *«Көгүлтүр жаз».*

**7–8-сабактар**

Белек алуу ар дайым жагымдуу. Бирок белек да арналышына ылайык болушу керек. Белектерди адатта белгилүү жашка чыкканда, туулган күндө, маарекеде же жөн гана майрамдарда беришет.

Эң жакшы белек – бул силердин өз колуңар менен жасалган белектер.

**Тапшырма**

Келгиле, сувенир үчүн белек салуучу кутуча жасайлы. Бул үчүн жука картон, сызгыч, кайчы жана желим керек болот.

Картонго чиймеде берилген өлчөмдөр боюнча кутучанын жайылмасын (чиймесин) чийгиле. Андан кийин чиймени жээктеп тыкандык менен кескиле да, сүрөттө сызык менен көрсөтүлгөн жерлерин бүктөгүлө жана кутучаны жыйнагыла.

Кааласаңар кутучага сүрөт, оймо-чийме тартып каалагандай коздосоңор болот.





2,5 см
6 см
5 см
1 см
5 см
3 см

9-
сабак

Нооруз Борбордук Азиядагы эң сүйүктүү элдик майрамдардын бири. Нооруз майрамды 21-мартта белгилешет жана ал жаз майрамы, күн календары боюнча Жаңы жылдын келиши болуп эсептелет.

Кыргыздар март айын Нооруз деп аташкан. Майрамга чоң даярдыктарды көрүшкөн. Ар бир үйдө майрамдык тамак даярдалат. Ушул күндө атайын жасалуучу салттуу тамактардын бири – буудай угуту, май, ун, шекер ж. б. кошулуп жасалган сүмөлөк болгон. Бул күнү бардык таарынычтар кечирилип, унутулган. Урушкандар элдешкен. Тамак желгенденген кийин улуттук оюндар ойнолгон. Акындар айтышы дагы сөзсүз түрдө болуучу салттуу көрүнүш.



Силер балдар, жакындарыңарга бергенге майрамдык белек даярдасаңар жакшы болот. Себеби белек майрамдык жакшы маанай тартуулайт эмеспи.

**Тапшырма**

*Сүрөт – белек*

Бул тапшырманы эки жол менен даярдаса болот: түстүү сүрөт түрүндө же курактар (аппликациялар) менен.

*«Күндүн сүрөтүн»* каалагандай кылып тарткыла. А биз силерге үлгү катары бир сүрөт көрсөтөлү. Силер жасаган бул белек Нооруз майрамына салттуу белек болуп калсын.



## ЭМГЕК МАЙРАМЫ

**1–2-сабактар**

Мурда айтылгандай эле бизди курчаган чөйрө биз үчүн, адамдар үчүн чоң мааниге ээ. Себеби кооз, жакшы маанай тартуулагандай уюштурулган чөйрө бизди курчап турса, жашообуз жайлуу жана ыңгайлуу болот эмеспи.

Ал эми биздин маанайыбыз жакшы болсо, иштеген да, окуган да, чыгармачылык менен алектенген да жагымдуу болот. Курчап турган чөйрөгө бактар, гүлдөр абдан көрк берет, андан сырткары чоң пайда алып келишет.



А. И. Духанин. *«Колхозго жардам».*



Форд Мэдокс Браун. *«Эмгек»*.

**Тапшырма**

Келгиле «эмгек майрамын» уюштурабыз. Класстагылардын бардыгы ата-энелерибиз менен бирге мектептин айланасын жашылдандырабыз. Бак жана гүл отургузуп, аллеяларды тазалайбыз. Бактар өскөндө айлана абдан кооз болот жана силерге өзүңөр отургузган бактардын, гүлдөрдүн арасындагы аллеяда жүрүү абдан жагымдуу болот.

**3–4-сабактар**

Жаз келгенде айлана жандана баштайт. Кардын алдынан ак, сыя көк түстүү байчечекейлер көрүнө баштайт. Жер көгөрөт. Бактар гүлдөп, алгачкы жалбырактары чыга баштайт.

Мунун бардыгы абдан кооз жана өзгөчө. Буга чымчыктар абдан кубанышат. Алар бизди табиятка чакырып, көңүлдүү сайрашат. Биздин дагы маанайыбыз кубанычка толот. Жаздын бул сулуулугун кантип бере алабыз? Альбом жана боёкторду алып, жаратылышка чыгып, гүлдөп жаткан бактардын, тоолордун жана көпкөк асмандын сүрөтүн тартсаңар кандай сонун.



Исаак Левитан. *«Италиядагы жаз»*.

**Тапшырма**

Жазгы пейзажды тарткыла. Алгач түр калем менен, андан кийин ошол эле сүрөттү үйдөн акварель боёктору же гуашь менен тартып салыштыргыла. Силердин оюңар боюнча кайсынысы мыкты болду?

Сүрөттөргө карап сүрөтчүлөр жазды кандай чагылдырганын байкагыла.



Константин Коровин. *«Жаз».*

**5–6-сабактар**

Гүлдөр – бул биздин жашообуздагы сүйүктүү жандоочубуз. Алар биздин жашообузду коздоп, жагымдуу маанай тартуулап турат. Гүлдөр – бул жашоо менен сулуулуктун белгиси. А түгүл алар жаныбызда жок болсо да, төмөнкү материалдар: түстүү кагаздар, кайчы жана желим болсо өзүбүз жасап алсак болот. Келгиле жасап көрөбүз!

**Тапшырма**

Түстүү кагаздарды, кайчы, желим, жип, ичке таякчаларды даярдагыла. Сүрөттө кандай берилгендигине көңүл бургула.

1. Алгач жөнөкөй барактан гүлдүн желекчелеринин формасында бир нече үлгү кесебиз.

2. Ичке түстүү кагазды үлгүнүн туурасынан бир аз жазыраак кылып кыяк түрүндө бир нече катар бүктөйбүз.

3. Даярдаган бүктөмдүн үстүнө даярдалган үлгү желекчени коюп кайчы менен кесебиз.





4. Ичке таякчаларды алып, анын учуна желекчелерди желим менен чаптайбыз.

5. Жалбырактарын жашыл түстөгү калың кагаздан кесип алабыз.

6. Гүлдүн сабагына жука жашыл кагазды ороп учтарын жанып кетпегидей бекитебиз.





**7–8-сабактар**

Ар бир элдин искусствосу өз чеберчилиги менен элдин жалпы маданиятын байыткан эл таланттарынын натыйжасында калыптанат. Бул жалпы маданиятта өзгөчө орунду көркөм өнөр ээлейт.

Элдин маданиятын эл чеберчилигинин бардык тармактары боюнча декоративдик-колдонмо искусствонун усталары, элдик каада-салтты сактаганга, бүткүл адамзаттык маданиятка татыктуу чыгармаларды жаратууга кесипкөй сүрөтчүлөр жана скульпторлор умтулушат.



Семён Чуйков.



Семён Чуйков. *«Чабандын кызы».*





Тургунбай Садыков.

Тургунбай Садыков *«Эне»* .





Урал Тансыкбаев.

Урал Тансыкбаев. *«Кыштактын жанында»*.

## Өз билимиңерди текшергиле:

1. Көркөм өнөрдө көбүнчө айбанаттар жана куштар сүрөттөлгөн жанрлар кандайча аталат?
2. Сүрөт түрүндө аткарылган жана бет алдыдан көрүнгөн айкелди кандайча аташат?
3. Сүрөтчү өзүн-өзү сүрөттөгөнүн кандайча аташат?
4. Сүрөттөп чыгарма жаратуу үчүн даярдалган сүрөттөр кандайча аталат?
5. Композиция деген эмне?
6. Курак (аппликация) деген эмне?
7. Скульпторлор өз чыгармаларында кандай материалдарды пайдаланышат?
8. Силер окуу китебиңердеги живопись, архитектура, скульптура боюнча кандай чыгармаларды эсиңерде сактап калдыңар?
9. Кайсы сүрөтчүлөрдүн аты-жөнүн билесиңер?
10. Төмөнкү чыгармалардын авторлору кимдер?









11. Бул репродукцияларда кайсы сүрөтчүлөрдүн чыгармалары көрсөтүлгөн?









## МАЗМУНУ


Кымбаттуу биздин жаш достор! .................................................. 5

**I чейрек**

*1-сабак*
КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ .................................................. 7

*2-сабак*
СЫЗЫК, КОНТУР, СИЛУЭТ .................................................. 14

*3–4-сабактар*
КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨГҮ ЖАНРЛАР .................................................. 15

*5–6-сабактар*
НЕРСЕНИН КӨЛӨМҮН КАНТИП АЛАБЫЗ .................................................. 18

*7–8-сабактар*
ПЕЙЗАЖ .................................................. 20

*9-сабак*
КИТЕП ҮЧҮН ЧӨПКАТ .................................................. 22

**II чейрек**

*1–2-сабактар*
КҮЗ БОЁКТОРУ .................................................. 24

*3–4-сабактар*
ОЮМДАР ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ .................................................. 27

*5–6-сабактар*
БИЗДИ КУРЧАП ТУРГАН КУРУЛМАЛАР .................................................. 30

*7–9-сабактар*
ЖАНЫБАРЛАР — БИЗДИН ДОСТОРУБУЗ .................................................. 34

Өз билимиңерди текшергиле .................................................. 38

## III чейрек

*1–2-сабактар*
АНИМАЛИСТИКА ЖАНРЫ СКУЛЬПТУРАДА ........................ 40

*3–4-сабактар*
ПОРТРЕТ ........................ 43

*5–6-сабактар*
КОМПОЗИЦИЯ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ........................ 46

*7–8-сабактар*
МАЙРАМДЫК БЕЛЕК ........................ 48

*9-сабак*
НООРУЗ — ЭЛДИК МАЙРАМ ........................ 50

## IV чейрек

*1–2-сабактар*
ЭМГЕК МАЙРАМЫ ........................ 52

*3–4-сабактар*
«СУЛУУ ЖАЗ» ........................ 54

*5–6-сабактар*
ТҮСТӨР ДҮЙНӨСҮНДӨ ........................ 56

*7–8-сабактар*
ЭЛ – ТАЛАНТТАРДЫН КАЗЫНАСЫ ........................ 58

Өз билимиңерди текшергиле ........................ 60

Окуу басылмасы

**Акматов Дамирбек, Багдасарян Ара**

КӨРКӨМ ӨНӨР

Орто мектептердин
2-классы үчүн окуу китеби

Редактору *К. Байтокова*
Дизайнерлери *А. Акопян, Д. Тимур*
Техн. редактору *Б. Тимуров*
Корректору *Н. Эсенаманова*

Басууга 25.07.2012-ж. кол коюлду. Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы № 1. «Times» ариби. Көлөмү 4,0 физ. басма табак.
Нускасы 65 000. Заказ № 20.

«Билим-компьютер» жана «Зангак-97» басмаканалары биргелешип даярдаган

«Билим-компьютер» басмасы
Бишкек ш., «Восток-5» кичи р-ну 14

«Зангак-97» басмасы
Ереван ш., Комитас просп. 49/2

Кыргыз Мамлекеттик дипломатиялык сервис
ишканасынын басмаканасында басылды.

Бишкек ш., Токтогул к., 196.